~~1092~~

В. В. Радлов

„Семетей?"

Каныкейди Абыкя, ~~Кобошко~~ тий дегени.

Институт языка, литературы и ис...
... РУКОПИСЕЙ
Ин... № 590
5 февр. 1979 г.
...ФАН СССР гор. ...

"СЕМЕТЕЙ" 8-том.

## КАНЫКЕЙДИ АБЫКЕ, КӨБӨШКӨ ТИЙ ДЕГЕНИ

Ошондо кан Жакыптын үйүндө,
Күрсөккө салган бозо бар,
Куйдургу уусу кошо бар.
Кан Жакыптын үйүндө,
Чапчакка салган бозо бар,
Чачама уусу кошо бар.
Көк жалың Манас өлгөндө,
Көбөш султан болгон кез,
Баягы Манастын калган кырк чоро,
Кыркы кырк жерден келген ит эле,
Көбөшкө айыл конгон кез,
Көбөшүң баабедиңге бата айтып,
Коросонго кой айтып,
Баатыр ай көл кенедей болгон кез,
Аргын, кыргыз элине,
Көбөшүң артык султан болгон кез,
Бир күнү кайран Жакып кан,
Каарданып калыптыр,
Кадырдуу Көбөш, кочкорун
Такыр жыйып алыптыр,
Муну менен Манас кандын кырк чоро,
Ант ургур кошо барыптыр.
Алтын арам менен кырк чоро,
Кан Жакыптын ордого,
Чогулуп кирип барды эле,
Кел балдарым, келгин- деп,

–Айткан сөзгө көнгүн-деп,
Капшыттагы кара арак,
Калмакча көөкөр менен бир арак,
Камынбайт Жакып койду эле,
Баякы алты арам менен, Кырк акмакка сунду эле
Ала деңгил мас болуп,
Арамдар минтип турганда,
Арам кыял кан Жакып,
Иттерге кепти кылганы;
–Ат өлгөндө, кебек ит,
Соору керек болуучу,
Ага өлгөндө иниге,
Кебек ит, жеңе керек болуучу.
Кесирдүү долу Каныкей,
Катынында каада болуп журт бузду,
Кыз кезинде кара бет,
Кылым чайкап, эл бузду.
Жесир жүрүп желикти,
Бороз болуп кара бет,
Болбой жаман желикти.
Келгендерден кеп уктум,
Алты миң жамбы, миң кундуз,
Барага Бакай жеп алып,
Текеченин Ормонбек,
Ормонбектей каныңа,
Канчыкты качырып берет деп уктум.
Өзөн жердин конушун,
Биреөң чалсаң болбойбу,
Маңастан калган мурапын,

Жамандар, биреөнер алсаң болбойбу.
Атаңдын керу алты арам,
Арак ичпей, таш ичкин,
Аздык кылса, алты арам,
Атаңдын канын кошуп ич!-
Жаман булөп турганы,
Жакыпты кудай урганы.
-"Тием"десе, жеңе эле,
Нике кыйып алалык.
"Тийбеймин" десе, долуну,
Жол устунө суйрөтуп,
Даңгыттарга жаралык.
Ала тоодой ата эле,
Кан Жакып тилин алалык.
Кара бетке баралык,
Оолугушуп туралбай,
Ошондо Көбөш курулдөп,
Каарданып дурулдөп,
Ок өтпегөн тон камдап,
Ок жетпеген ат камдап,
Кырктын башы Кыргын чал,
Үзуктөй калпак Шууту кул,
Чоронун баарын буудлу эле.
Кырктын башы Кыргын чал,
Кылыңда ойлончу,
Атасыз келдик биз чоро,
Атасыз келген чорого,
Аркар аяк, жез билек,
Ат мыктысын мингизди,

Тонсуз келген чорого,
Жакасн алтын, жеңи жез,
Кош бадана торгой көз,
Келеме кериш, кең күрмө,
Тон мыктысын кийгизди.
Катынсыз келген чорого,
Оймок оос, бото көз,
Үйкуштаган жал-жал көз,
Кырмызы көйнөк, найча бел,
Кылактаган сулууну,
Алып берди зор Манас.
Динсиз келген чорого,
Айкырса үнү азандай,
Ак селдеси казандай,
Молдо берди кан Манас.
Үйсүз келдик кээ чоро,
Үйсүз келген чорого,
Керегенин кашаты,
Темир менен кээктүү,
Жабыкбаштын үстү-үстү,
Алты эли кундуз жээктүү.
Боолоруңун барысын,
Чылк жибектен чалдырган,
Борумдап ордо салдырган,
Ордо берди зор Манас.
Малсыз келдик бир чоро,
Малсыз келген чорого,
Адырда жылкы ала баш,